**2013-жылдын 11-апрелиндеги № 50 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

2013-жылдын 7-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 42-статьянын 2-бөлүгүнүн 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) атайын, аскердик, ардактуу наамынан, класстык чининен, атайын класстык чининен, дипломатиялык рангынан жана мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратуу;”.

**2.** 51-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“51-статья. Атайын, аскердик, ардактуунаамдарданже класстыкчендерден ажыратуу

Оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн сот күнөөлүүнүн инсандыгын эске алуу менен аны атайын, аскердик, ардактуу наамынан, класстык чининен, атайын класстык чининен, дипломатиялык рангынан жана мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратышы мүмкүн.”.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**